# *Социалдык педагогдун иш аракетинин ПРОТОКОЛУ*

***Бишкек – 2019***

«Жаңы конуштарда чыр-чатактарды  алдын-ала үчүн социалдык жана гендерлик теңдикти жылдыруу” долбоорунун, “Жеткиликтүү мектеп” компоненттин алкагында иштелип чыккан.  ООН Балдар фонду (ЮНИСЕФ)

Социал педагогдун иш аракетинин протоколу. – Б.2019. – 62-б.

Иштеп чыккандар: Дуйшенова Ж.Д., Асекова Ж.Д.

***Мазмуну***


| Мазмуну | *Бет* |
|---|---|
| Кыскартылган сөздөрдүн чечмелениши | ***4*** |
| Киришүү | ***5-9*** |
| Кырдаалды социалдык педагогикалык коштоодогу баскычтар | ***10-15*** |
| **“А” даражадагы Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо** | ***16-19*** |
| **“Б” даражадагы Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо** | ***19-20*** |
| Тиркеме 1. Баланын көйгөйлөрүнүн классификациясы, аларды жоюуга жардам берүүчү социалдык агенттердин тизмелери | ***21-22*** |
| Тиркеме 2. Текшерүүчү тизме. Кырдаалга карата СПКны уюштуруудагы социалдык педагогдун милдеттери | ***23*** |
| Тиркеме 3. Көйгөйдү чечүүгө каражаттарды, адистерди аныктоо | ***24*** |
| Тиркеме 4. Кырдаалды социалдык педагогикалык коштоонун планы | ***25*** |
| Тиркеме 5. СПнын иш кагаздарынын формаларынын тизмеси | ***26-27*** |
| Тиркеме 6. Иш кагаздардын формалары | ***28-42*** |
| Тиркеме 7. Социалдык агенттердин тизмелери | ***43-45*** |
| Тиркеме 8. Социалдык агенттер көрсөтүүчү кызматтардын тизмеси | ***46-54*** |
| Тиркеме 9. Кырдаалга СПК процессинде социалдык педагог иштей турган ченемдик-укуктук актылардын тизмеси | ***55-56*** |
| Тиркеме 10. Терминологиялык минимум | ***57-61*** |

## Кыскартылган сөздөрдүн чечмелениши

### *Кыргыз тилиндеги*

| | |
|---|---|
| МП | мектеп парламенти |
| МЧБ | мүмкүнчүлүгү чектелген балдар |
| МКЭКС | мектепке келүүнүн электрондук каттоо системасы |
| СП | социалдык педагог |
| СПК | социалдык педагогикалык коштоо |
| ПАЗ | психоактивдүү заттар |
| ТОК | турмуштук оор кырдаал |
| ЖӨИАТ | жаш өспүрүмдөр менен ишин аткаруучу тескөөчү |

### *Орус тилиндеги*

| | |
|---|---|
| ГГЮП | государственная гарантированная юридическая помощь |
| ИДН | инспектор по делам несовершеннолетних |
| ЛОВЗ | лица с ограниченными возможностями здоровья |
| МТУ | муниципальное территориальное управление |
| НПО | неправительственные организации |
| ОПСД | отдел поддержки семьи и детей |
| ФАП | фельдшерско-акушерский пункт |
| ЦСМ | центр семейной медицины |

## *Киришүү*

Көйгөйлөрү бар балдарды өз учурунда аныктоо жалпы билим берүүчү мекемелерге үзгүлтүксүз барууну камсыздаары бышык, алардын сапаттуу билим алуусуна ар тараптуу жардам көрсөтүү билим берүү процессинин милдеттеринин бири болуп саналат. Балдар маселелери менен иштеген Социалдык педагогдор, психологдор, класс жетекчилер жана башка адистер мектеп курагындагы балдарга турмуштук оор кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө көмөк көрсөтүүсү зарыл. Социалдык педагогдун “мектепке барбаган бала” макамындагы бала менен иш алып баруудагы стандартташтырылган  иш-аракеттерин аныктоо маанилүү. Мына ушунун бардыгы социалдык педагогдун иш-аракеттеринин протоколун иштеп чыгуунун зарылчылыгын жана алгылыктуулугун белгилейт.

***Социалдык педагогдун иш-аракетинин Протоколу*** (*мындан ары* ***Протокол)*** – бул, психологиялык-педагогикалык, физикалык, медициналык, укуктук ж.б. көйгөйлөрдөн улам мектептен чыгып калуу тобокелчилигине туш болгон баланы аныктоо, Кырдаалга  социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүү боюнча социалдык педагогдун иш-аракетинин  алгоритмин сунуштоочу документ.

Протоколдо ***Кырдаал*** – бул социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүүнү уюштурууну талап кылуучу окуучунун же анын үй бүлөсүнүн кырдаалы.

**Социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүүнүн максаты** – *баланы жана анын үй бүлөсүн күнүмдүк жашоо-турмушка кайра тартуу, өзүнө жардам берүү көндүмдөрүн калыптандыруу, бала жана үй бүлөнүн турмуштук кыйынчылыктарды жеңип өтүү ресурстарын жигердентүү!*

Кырдаал менен иштөөдө бардык социалдык педагогдордун бирдиктүү схеманы колдонуусу төмөнкүлөргө шарт түзөт:

- ар бир Кырдаал менен иштөөдөгү ырааттуулукту сактоо;
- кайсы бир аракетти (кадамды) аткарбоо тобокелчилигин азайтуу;
- иш тажрыйбасына карабастан социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүүнү уюштуруу;
- документтердин бирдиктүү формасын пайдалануу
- “Кырдаалдан чыгуу” тообкелчилигин мектеп деңгээлинде алдын ала социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүү, ведомство аралык өз ара аракеттешүү деңгээлинде азайтууга көмөктөшөт;
- аталган көйгөйдүн алдын алуу механизмин уюштуруу жана балдарды мектептен ”сыгып чыгаруу” факторун азайтуу.

*КР Өкмөтүнүн  19-июнь, 2017-жылдагы №388  токтомунун 6-пунктуна ылайык мектеп жана мектепке чейинки курактагы балдарды эсепке алуу тартиби тууралуу Көрсөтмөсүндө:* «Бардык типтеги жана менчик формасындагы жалпы билим берүүчү уюмдардын жана баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын директорлору  окуу жылынын ичинде тиешелүү аймактык  мамлекеттик билим берүү башкармалыктарына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, шаар мэриясына жана айыл өкмөтүнө үзгүлтүксүз түрдө мектепке келбеген, олуттуу себептерсиз сабак калтырган балдарды мектепке кайра тартуу  үчүн  тизмесин берүү милдетендирилген. Балдардын сабакка катышпоосу тууралуу материалдар 5 жумушчу күндүн ичинде, 10 күн катары менен сабак калтырган учурда берилет.

Окуучулардын сабакка катышпоосун көзөмөлгө алуу төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:

- 10 күнгө чейин сабакты калтыруу жалпы билим берүүчү жана баштапкы кесиптик билим берүү уюмдары тарабынан каттоого алынат;

- 10 күнгө чейин сабакты калтыруу жергиликтүү мамлекеттик администрация, шаар мэриясы жана айыл өкмөтү тарабынан жашы жете электердин иштери боюнча инспектор, социалдык кызматкерлерди тартуу менен каттоого алынат.

Материал берилгенден тартып жергиликтүү мамлекеттик администрация, шаар мэриясы жана айыл өкмөтү тарабынан окуучулар сабакка катышпаган окуучу катары эсептелинет.

Андан ары балдарды мектепке кайра тартуу, көзөмөлдөө жергиликтүү мамлекеттик администрация, шаар мэриясы жана айыл өкмөтү тарабынан ишке ашырылат.

Балдар иштери боюнча Комиссия 10 календардык күндүн ичинде үй бүлө менен иштөө же баланы коргоонун жекече планы боюнча иш алып барып, тиешелүү чечим кабыл алат, ал жергиликтүү мамлекеттик администрация, шаар мэриясы жана айыл өкмөтүнүн чечими катары жазылат».

Социалдык педагогдорго жана жалпы билим берүүчү мектептердин администрацясына арналган колдонмодо, мындан тышкары сапаттуу билим алуудагы балдардын укуктарын коргоо маселелери менен алектенгендерге төмөнкү түшүнүктүн аныктамасы сунушталды ***«мектепке барбаган балдар*** *– башталгыч жана негизги мектептен билим ала турган, бирок бир дагы билим берүү мекемесине (мектепке) катталбаган балдар; кайсы бир жалпы билим берүү мекмемесине катталган, бирок 30 окуу күн ичинде олутуу себептерсиз мектеке барбаган балдар; расмий түрдө мектепти таштаган жана ар кандай себептерден улам башка жалпы билим берүү мекмемесине катталбаган балдар*[1] (мындан ары МББ).

Кыргызстанда жүргүзүлгөн «Мектепке барбаган балдар» изилдөөсү[2] бардык көйгөйлөрдүн төмөнкүдөй классификацияларын аныктады: жеке, үй бүлөлүк, мектеп. Көйгөйлөрдүн аталган категориялары ар бир көйгөй боюнча тартыла турган жумушчу топту аныктоодо, б.а. социалдык агенттердин тизмесин түзүүдө пайдаланылат *(караңыз: көйгөйлөрдүн классификациясы жана социалдык агенттер **1-тиркеме**).*

Азыркы учурда Жеткиликтүүлүктү көзөмөлдөө жана башкаруу үчүн Кыргызстанда (ЖКБС) орнотуу ишке ашырылууда. Жеткиликтүүлүктү көзөмөлдөө жана башкаруу системасы (ЖКБС) – программалык-техникалык комплекс, жеткиликтүүлүктү көзөмөлдөө жана балдардын сабакка катышуусун каттоону автоматташтыруу. Бул балдардын сабакка катышуусун өз учурунда таап чыгуу жана көңүл буруу куралы болуп саналат. ЖКБСтин негизги милдети обьектин аймагына тиешеси жок жактардын кирүүсүнө чектөө коюу (мектеп, имарат ж.б.) жана ЖКБСке катталган жактарга гана мүмкүнчүлүк берүү. Ал аркылуу өткөндөрдү каттап, көзөмөлдөйт. Анын маалыматтары окуучлардын сабакка катышуусу, калтыруусун эсепке алуу үчүн зарыл.

ЖКБС мектеп үчүн – **балдардын мектепке келүү, кечигүүлөрү боюнча көйгөйдү өз учурунда аныктоочу курал .**

---

[1] Дети вне обучения. Руководство по работе с детьми, не посещающими школу / авт – сост.М.Иманкулова, Л. Антонович, И.Низовская. – Б.: 2017. – С.39. (МОН, ЮНИСЕФ)

[2] 1. Дети вне обучения. Руководство по работе с детьми, не посещающими школу / авт – сост.М.Иманкулова, Л. Антонович, И.Низовская. – Б.: 2017. – 84с.
2. Отчет «Дети, не посещающие школу, на примере 11 новостроек г. Бишкек» - Б.:2015. – 56с.

Социалдык педагог ЖКБСтин маалыматтарын талдоо менен өзүнүн иш-чараларын пландаштырат. «*КР ББ жана ИМнин коллегиясынын 2-март, 2012-жылдагы №2/8чечими менен бекитилген социалдык педагогдун квалификациялык талаптарына ылайык* «***Социалдык педагог*** *- бул үй-бүлө менен мектептин ортосундагы өнөктөш мамилени жана байланыштарды орнотуу аркылуу инсанды социалдык коргоо, тарбиялоо жана өнүктүрүү иш-чаралардын комплексин жүзөөгө ашыруучу мектептин кызматкери. Социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн* ***объектиси*** *турмуштук оор кырдаалга учураган балдар"*

Социалдык педагогдун ишмердигинин негизги багыттары – бул мектептен чыгып калуу тобокелчилигиндеги балдар менен алдын алуучу иштерди жүргүзүү, оор турмуштук кырдаалда калган балдарды өз учурунда аныктоо жана аларга психологиялык-медициналык-педагогикалык, укуктук жардам көрсөтүүлөрдү уюштуруу.

Демек, социалдык педагог - турмуштук оор кырдаалга учураган бала жана социалдык, педагогикалык, психологиялык, медициналык жана юридикалык кызматтарды сунуштаган социалдык агенттер ортосундагы байланыштарды түзүүчү адам болуп эсептелинет.

Баланын күнүмдүк турмушунда келип чыккан көйгөйлөр турмуштук оор кырдаалдын түзүлүшүнүн белгилери болуп саналат. Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодексинде төмөнкүдөй аныктама берилген: турмуштук оор кырдаал — жарандын турмуш-тиричилигин объективдүү бузуучу (майыптык, улгайган жаш курагына же ооруусуна байланыштуу өзүнө өзү тейлөөгө жарамсыздык, жетимдик, көзөмөлсүздүк, аз камсыз болуу, жумушсуздук, белгилүү бир жашаган жердин жоктугу, чыр-чатактар жана үй-бүлөдөгү катаал мамиле, жалгыздык ж.б.) кырдаал, ошондой эле бул кырдаалды өз алдынча жеңүүгө жөндөмсүздүгү менен байланышкан анын адеп-ахлактык-психологиялык абалы;

Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодекси, *10-июль, 2012-жыл, № 100 5-берене (КР Мыйзамынын редакциясы 27-апрель 2017-жыл, № 64, 30-март, 2018 -жыл № 33 )*

Турмуштук оор кырдаалда турган балдардын каегориялары болуп төмөнкүлөр эсептелинет: [3]

1.Ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар;

2.Ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген балдар;

3. Балдар эмгегинин өтө начар формаларына тартылган балдар;

4. Мыйзам менен чатагы бар балдар;

5. Зордук-зомбулукка туш болгон балдар.

Социалдык педагогдун ишмердигине балдар, жаш өспүрүм, жана алардын ата-энелери менен (мыйзамдуу өкүлдөрү), класс жетекчилер, мугалимдер, мектеп администрациясы, балдар иштери боюнча комиссия, өкмөттүк социалдык коргоо системасынын өкүлдөрү менен, психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация жана башкалар менен иш алып баруу кирет.

***Көнүл бургула!*** Протоколдо аталган документ боюнча төмөнкү түшүнүктөр колдонулду: *протокол, маалымат берүүчүлөр, социалдык агент, текшерүү тизмеси.*

---

[3] Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жалдын 22-июнундагы 2015-жалдын 22-июнундагы 391 токтому менен бекитилген

*Бул түшүнүктөрдүн аныктамалары:*

*- **протокол*** – бул, психологиялык-педагогикалык, физикалык, медициналык, укуктук ж.б. көйгөйлөрдөн улам мектептен чыгып калуу тобокелчилигине туш болгон баланы аныктоо, Кырдаалга социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүү боюнча социалдык педагогдун иш-аракетинин алгоритмин сунуштоочу документ. Протокол социалдык педагогдор менен социалдык агенттердин мектеп курагындагы балдарды ОТКдан чыгаруу боюнча социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүүдөгү өз ара аракеттеринин бирдиктүү схемасын түзүүгө багытталган.

*- **маалымат берүүчүлөр*** – бул адамдар же электрондук система (ЖКБС), 3 - 5 – 7 күн сабактан калтырган балдар тууралуу бала мугалимдерге, социалдык педагогго маалымат берүүчүлөр;

*- **социалдык агент*** – оор турмуштук кырдаалга учураган бала жана социалдык, педагогикалык, психологиялык, медициналык жана юридикалык кызматтарды сунуштаган социалдык агенттер ортосундагы байланыштарды түзүүчү жак же мекеме болуп эсептелинет;

*- **текшерүүчү тизме*** – мониторинг жана өзүнүн ишмердигин баалоо үчүн пайдаланыла турган социалдык педагогдун аткарылган иштердин ыраатын белгилеген тизмеси (кадамдар).

**10-тиркемеде** ар бир социалдык педагог билүүгө тийиш терминдер сунушталган. Бул пайдаланылган түшүнүктөрдүн маанисин бирдей чечмелөөгө жардам берет.

***Социалдык педагогдун ишинин негизги принциптери:***

- **купуялуулук (конфиденциальность)** — оор турмуштук кырдаалдагы окуучу жана анын үй-бүлөсү жөнүндөгү маалыматты уруксатсыз ачыкка чыгарбоосу;
- **даректүүлүгү** – иш-аракеттер конкреттүү окуучуга, үй-бүлөгө багытталат (маалымат жана иш-аракеттердин формалары арналган адамга тиешелүү болуусу зарыл);
- **ыктыярдуулук** – алдын ала жана кеңеш берүү ишмердүүлүктөрүнүн баардык түрлөрү жардам алгандардын тандоо укуктарынан көз каранды (карамагында) (укуктук мыйзамдык актыларында каралган иш-аракттерден тышкары);
- **мыйзамдуулук** – социалдык педагог өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасындагы мыйзамдарынын жана эл аралык укуктук-нормативдик актыларынын жетекчилигинде алып баруу зарыл;
- **комплекстүүлүк** – социалдык педагогдун иш аракеттеринин бардыгы (алдын ала иш аракеттер, аныктоо, консультация, багыттоо, социалдык-педагогикалык коштоо, талдоо ж.у.с.) максаттуу, комплекстүү мүнөзгө ээ болушу зарыл.
- **үзгүлтүксүз** – кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо иш-аракеттери баланы турмуштук оор кырдаалдан чыгарып жана кайрадан окуу процессине кирүүгө чейин жүргүзүлөт.

***Көнүл бургула!*** МББ жана ТОК – өз алдынча жана өз ара байланыштагы эки социалдык категориялар.

***Сунуштайбыз!***

1. *5-тиркемедеги маалымат таблицаасында туруктуу жана өзгөрмөлүү маалымат берилген.* ***Туруктуу*** *– адис же ал иштеген уюм,* ***өзгөрмөлүү*** *– бул адистин аты жөнү, телефон номери.*

*Социалдык педагог кызматына тургандан кийин 7 жана 8-тиркемеде берилген адистерге чалып же барып адистердин аты жөнүн, номерлерин тактап, өзүн таанытырып жана кызматташууга чакыруусу керек.*

2. *Ар бир окуу жылынын башталышында окуучуларга, ата-энелерге кайрылып, өзүнүн мектептеги милдеттери, ишмердиги тууралуу айтып берүү зарыл. Жалпы жыйналышта маалымат берүүнүн натыйжасы анча эмес, ошондуктан ар бир класка кирип төмөнкү суроолорду талкуулоо зарыл:*

    1. *Социалдык педагог деген ким? Ал эмне менен алектенет?*
    2. *Социалдык педагогго кайсы учурларда кайрылуу керек жана зарыл?*
    3. *Эмне үчүн социалдык педагогго кайрылуу коопсуз?*

*Башалгыч класстар, ортоңку звено, жогорку класстар үчүн маалымат жекече болуш керек. Ар бир жамааттын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар бири үчүн презентация (окуучулар, педагогикалык, ата-энелер) өткөргүлө. Бул кадам сизге ишенимди күчөтүп, ОТКны өз учурунда аныктоого жардам берет.*

Болжол менен минтип баштоого болот: *Ар бирибизде ар кандай көйгөйлөр болуп калышы мүмкүн. Мен биздин мектепте социалдык педагог болукп иштейм. Менин атым ....*

*Мен сиздердин көйгөйлөрүңүздөрдү чечүүгө жардам берем, зарылчылыгына жараша адистерди сунуштайм. Мындан тышкары мен сиздерге сиздердин көйгөйдү сиздердин уруксатысыз эч ким билбей турганын, купуялуулук сактала турганына убада берем. Күндөлүккө менин телефон номерими жазып алыңыздар: ....*

## *Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоодогу баскычтар:*

I. Кырдаалды ачуу жана ресурстарды изилдөө.
II. Кырдаал боюнча ишмердүүлүктү пландаштыруу.
III. Ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү.
IV. Социалдык педагогикалык коштоонун натыйжаларын баалоо жана чечим чыгаруу.

***1- схема.*** **Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо процесси**




***Көнүл бургула!*** *Ар бир КЫРДААЛДЫН социалдык-педагогикалык коштоо процесси төрт баскычты камтыйт!*

## I. “Кырдаалды ачуу жана ресурстарды изилдөө” баскычы.

*Социалдык-педагогикалык коштоо процесси бала жана анын көйгөйү жөнүндөгү маалымат социалдык педагогго жеткен учурдан башталат.*

Маалымат ар кайсы “кабарчыдан” келиши мүмкүн. 1-схемада көрсөтүлгөндөй маалымат окуучу, жеткиликтүүлүктү көзөмөлдөө жана башкаруу системасы (ЖКБС), класс жетекчи, классташтар, ата-эне, кошуна, мектеп парламенти ж.у.с. “кабарчылардан келиши мүмкүн. Бирок мектеп үчүн окуучунун көйгөйлүү маселелери бар экенин эң биринчи көрсөткүч – бул анын мектепке келбей калганы.

Класс жетекчи жана социалдык педагог окуучунун социалдык паспортун талдап, мектепке келбей калган себебин аныктоо үчүн окуучу, ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрдү), достору менен сүйлөшүү. Кырдаалга кандай деңгээлдеги социалдык-педагогикалык коштоо керек экенин сабакка келбей калгандын себебинин негизинде аныкталат.

**“А” даражадагы** Кырдаалды социалдык педагог коштоп, мектептин жана аймактык жергиликтүү башкаруунун адистеринин күчү менен баланы кайра мектепке келтирүү боюнча иш чаралары өткөрүлөт.

Баланын же анын үй-бүлөсү турмуштук оор кырдалга кабылганын эрте ачуу эң маанилүү, себеби канчалык эрте билинсе, ошончо тез жана жеңил чечүү мүмкүнчүлүгү көп болот. Социалдык педагог мектептеги класс жетекчилери менен тыгыз байланышта болуп, ар бир окуучунун социалдык абалын талдоого көмөктөш болсо, көптөгөн маселелерди алдын ала көрүп, алардын “жукарган”, башкача айтканда көйгөйлүү жактарын көрө алат.

Ар бир жылдын башында класс жетекчилер окуучулардын жана жалпы класстын социалдык паспортун толтурат. Социалдык педагог ошол документтердин негизинде мектептин социалдык паспортун түзүп, көйгөйлүү балдардын жана үй-бүлөлөрдүн тизмесин аныктайт. Социалдык паспортту толтурууда класс жетекчи окуучу турмуштук оор кырдаалда экен деген көрсөткүчтөрүн белгилеши мүмкүн, бирок ошол эле учурда окуучу убагында сабакка келип, үй тапшырманы дайыма даярдап келиши да мүмкүн. Анда класс жетекчи ТОК деп белгилеп, бирок Кырдаалды социалдык педагогикалык коштоого сунуштоого зарылдыгы жок.

Сырткы көрсөткүчтөрү жок көйгөйлөр дагы болушу мүмкүн. Алар көпчүлүк учурда психологиялык жана физикалык абалдан келип чыгып, баланын мектепке баруусуна тоскоолдук болот.

*Мисалы:*

- балада компьютер оюндарына көз карандылык;
- психо-активдүү заттарды колдонот (тамеки, ичимдиктер, клей, насвай ж.б.)
- зордук-зомбулукка кабылган;
- агрессивдүү кыймыл-аракеттер байкалат;
- окуучулар ортосундагы келишпестик;
- жана у.с.

Бул учурда класс жетекчи, социалдык педагог жана психолог тыгыз байланышта болушуп, диагноздоочу изилдөө иштерин өткөрүү аркылуу өбөлгөлөрүн же болбосо кандайдыр бир деңгээлде турмуштук оор кырдаалга учураарына даярдык бар экенин аныкташы мүмкүн. Бул иш аракетти окуу жылдын башында өткөрүү зарыл.

*Кырдаалды аз убакыттын ичинде чечүү үчүн, чечүүгө көп мүмкүнчүлүктөр болуш үчүн, негизгиси бала үчүн эң эле жеңил жолун табуу үчүн  Кырдаалды эрте аныктоо зарыл!*

Кырдаал аныкталганда, ал жөнүндө толук маалыматты чогултуу максатында төмөнкү кадамдарды аткаруу зарыл:

1. Окуучунун социалдык паспорту, класстык журнал, үй-бүлөнүн жашоо шартын аныктоо боюнча пландалган үйгө барып байкоо жүргүзүү акты деген **документтерди талдоо.**
2. Окуучу, ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөрдү), класс жетекчи жана башка кызыктар адамдар менен **сүйлөшүү.**
3. Кырдаал боюнча иштеген социалдык агенттерди жана алардын керектүү кызматын аныктоо (**8-тиркеме).**
4. Аныкталган кызматтарды / жардамды ишке ашыруучу уюмдар жана адистер менен байланышуу, консультация алуу **(7-тиркеме)**
5. "Көйгөйдү чечүүгө каражаттарды, адистерди аныктоо" таблицасын толтуруу аркылуу Кырдаалдын өзгөчөлүктөрүн талдоо **(3-тиркеме)**

*ТОКтон чыгарууга көрсөткүчтөр эмнеге керек?* Баланын турмуштук оор кырдаалдан чыкканын аныктоо үчүн күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрүнүн тизмесин иштеп чыгуу керек. Бул пландаштыруу, иш алып баруу, мониторинг жана баалоо кадамдарына өбөлгө болот. Көрсөткүчтөр бала кабылган көйгөлөрдүн негизинде иштелип чыгат. Жана анын эң маанилүү жана туруктуу жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү бул баланын мектепке узгүлтүксүз катышуусу, анын психологиялык, физикалык ден соолугу жана коопсуздугу болуп эсептелинет.

## II. Кырдаалдын көйгөйүн чечүү боюнча ишмердүүлүктү пландаштыруу баскычы.

Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо планын түзүү ***3-тиркемени*** толтуруу менен коштолот. Социалдык педагог Кырдаалды жоюуга керек болгон социалдык агенттердин катышуусу менен жумушчу жолугушууну уюштурса болот. Жолугушууда күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгып, иш чаралардын планы түзүлүшү керек.

***Эске алыңыздар!*** Жумушчу жолугушууга баланын, анын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) катышуусу ар бир кырдаалдын мүнөзүнө жараша болот. Мисалы, ата-энеси менен баланын ортосунда чыр-чатак болгондо, бала алардын катышуусун каалабай коюушу мүмкүн. Социалдык педагог ата-эненин катышуусу абдан маанилүү экендиги жөнүндө балага түшүндүрүүсү зарыл. Ошол эле учурда, баланын уруксаты жок, анын "жашыруун сыры" эч кимге ачылбайт деп сөзсүз белгилөө керек.

*Пландаштыруу* процесси төмөнкү суроолорго жооп берүүнү талап кылат (4-тиркеме):
- Кайсы адис? - Аты-жөнү, иштеген кызматы жазылат.
- Эмне кылат? – Аталган адис кандай иш чараны аткарат.
- Качан? – Белгилеген иш чараны аткаруу мөөнөтү аныкталат.
- Максаты кандай? – Иш чаранын баланы ТОКтон чыгарууда маани-маңызы аныкталат.

## III. Ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү баскычы.

Пландаштырылган иш чаралар, адистер жана аткаруу мөөнөтү белгиленгенден кийин ишмердүүлүк башталса болот. Планды ишке ашыруу социалдык-педагогикалык коштоонун баардык катышуучулардын активдүүлүгүн талап кылат. Социалдык-педагогикалык коштоого тартылган адистердин, уюмдардын ишмердүүлүгүнүн (кызматына жана жардамына) сапатына, натыйжалуулугуна жана таасирине мониторингди жүргүзүү үчүн Текшерүү тизме **(1-тиркеме)** сунушталат. Ошондой эле социалдык педагог ар бир Кырдаалга өзү Текшерүү тизмени түзсө болот. Кырдаалды

жоюу боюнча иш чаралардын баарын тизмелеп коюп, ар бирөөсүн ишке ашырган сайын белгилеп коюу – жогорку деңгээлдеги тартипке тарбиялайт.

Социалдык педагогикалык коштоонун убактысы менен жана так аткарылуусу мониторинг аркылуу аныкталат. *Мониторингдин максаты –* аткарылып жаткан иш чаранын сапатын жана анын Кырдаалдагы балага таасирин аныктоо, планга учурунда оңдоп-түзөтүү киргизүү. Мониторингдин жыйынтыктарын пландаштыруу таблицасында белгиленет. Социалдык педагог мониторингде байкалган кыйынчылыктарды белгилеп жана **ошол эле күнү** жооптуу адис менен байланышып себебин аныктоо менен бирге жоюуга же болбосо башкача чечүүгө иш чараларды көрүшү керек.

## IV. Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо боюнча ишмердүүлүктүн натыйжаларын баалоо жана чечим чыгаруу баскычы.

Биринчи баскычта иштелип чыккан көрсөткүчтөр менен СПКнын жыйынтыктарын салыштыруу процессин камтыйт.

*Кырдаал менен иштөөнүн эки жыйынтыгы болушу мүмкүн:*

*1-чи жыйынтык:* Баланын негизги муктаждыктары канаатандырылды. Мектепти үзгүлтүксүз катышууга, сабакка даярданууга тоскоол болгон көйгөйлөр чечилди. Окуучуда же анын үй-бүлөсүндө өзүнө өзү жардам бере алганга көндүмдөр жаралды. Социалдык-педагогикалык коштоодон чыгарса болот.

*2-чи жыйынтык:* Баланын негизги муктаждыктары канаатандырылган жок. Аныкталган натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрдүн арасында мектептин деңгээлинде чече албаган көйгөйлөр калды. Социалдык педагог мектеп директоруна билдирет. Кырдаал менен иштеген адистерди чогултуп мындан ары кандай иш-чараларды уюштуруу керектигин талкуулайт.

**Жекече профилактикалык коштоо (индивидуально-профилактическое сопровождение)**. Биринчи Кырдаалды коштоо процессинде иш чараларды ишке ашырууда бир нече натыйжалар күтүлөт. Эң негизги натыйжа – бала мектепке үзгүлтүксүз катышууга эч кандай тоскоолдуктар жок.

Социалдык педагог **он күндүн ичинде** иш чараларды колдонуп, бирок баланы Кырдаалдан чыгара албаса, анда мектеп ичиндеги адистерден *(8-чи тиркемени караңыз)* ишкер топту аныктап чогултат. Тарбия боюнча директордун орун басары баш болуп, жана **бала менен ата-энесин** кошуп мындан ары кантип Кырдаалды оңдойбуз деген суроону талкуулашы зарыл. Окуучу мектеп ичиндеги учетко алынат.

Мектеп ичиндеги учетко көпчүлүк учурда баланын жүрүш-турушунда көйгөйлөр болгондо, башкача айтканда, тартиби начар деп аныкталганда алынат. Ошого байланыштуу, ишкер топто жаш өспүрүмдөр иштери боюнча инспектор (ИДН) болуусу зарыл. Ал өзүнүн кесиптик милдеттерине ылайык окуучу, ата-эне менен түшүндүүрү иштерин жүргүзөт.

*Мектеп ичинде жүргүзүлгөн*
*эки социалдык-педагогикалык коштоонун салыштыруу таблицасы*

| Мектеп ичиндеги социалдык-педагогикалык коштоо | |
|---|---|
| ***"Тез жардам"*** | ***"Мектеп ичиндеги учетко алуу"*** |
| - социалдык педагог өз алдынча Кырдаалды талдайт;<br>- СП мектеп ичиндеги ар бир социалдык агентке (Мектеп парламенти, психолог, мугалим ж.у.с.) өзү барат сүйлөшөт, талкуулайт, пландаштырат;<br>- ыкчам планды түзөт жана ишке ашырат<br>- баланын кызыкчылыгына жараша ата-энесине билдирет же билдирбейт;<br>- узактыгы 10 күн;<br>- Кырдаалды социалдык педагог көзөмөлдөйт. | - мектеп адистеринен ишкер тобу аныкталат;<br>- ишкер тобунун мүчөлөрү чогуу Кырдаалды талдашат жана көйгөйүн чечүү боюнча социалдык-педагогикалык коштоо планын түзүшөт;<br>- бала менен ата-энесине билдирет, талкууга жана пландаштырууга катыштырат;<br>- 3 айдан - 6 айга чейин созулушу мүмкүн;<br>- мектеп ичиндеги учетко алынган Кырдаалды окуу жана тарбия боюнча завуч көзөмөлдөйт. |

## 1- схема. Кырдаалды социалдык-педагогикалык коштоо процесси

**«Кабарчы»**
1. окуучу
2. СКУД
3. Кл. жетекчи
4. Классташтар
5. Ата-эне
6. Кошуна
7. Мектеп парламенти
8. ж.у.с.

**I баскыч**
**Кырдаалды ачуу жана ресурстарды изилдөө**

*СПнин иш аракети:*
1. Документтерди талдоо: окуучунун социалдык паспорту, кл.журнал / ЖКБС, үй-бүлөнүн жашоо-шартын пландык изилдөө актысы
2. Баарлашуу: окуучу, кл.жетекчи, ата-эне (анын ордуна болгон адам).
3. Окуучу муктаж болгон жардамды жана кызматты аныктоо
4. Аныкталган көйгөй менен иштеген адистер жана уюмдар

**II баскыч**
**Пландаштыруу**

*СПнин иш аракети:*
3. Күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрүн аныктоо
4. СПКнун планын түзүү
(3,4 *тиркемелер*)

**III баскыч**
**Планды ишке ашыруу, мониторинг**

*СПнин иш аракети:*
- Окуучуга байкоо жүргүзүү
- Иш аракетти өз убагында аткаруусун көзөмөлдөө

***Документтерди даярдоо***

**Кызмат каты**
(мектеп ичинде)

**Өтүнүч кат**
(башка уюмдарга жөнөтүү)

**IV баскыч**
**Баалоо,**
**чечим чыгаруу**

*СПнин иш аракети:*
Жетишкен натыйжаларды күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү менен салыштыруу
(II баскычты карагыла)

Кырдаалдын көйгөйлөрү чечилген жок, **«Б» даражага** которуу

СПКдан чыгаруу, **«А» даражага** кырдаал реабилитацияланды

*Эскертүү! Социалдык педагогикалык коштоого муктаж болгон Кырдаалдар оордугуна карата эки даражага бөлүнөт. Социалдык педагог ар дайым **“А” даражадан** башташы зарыл, анткени ал “Б” даражанын **негизи** болуп саналат.*

**“А”–даражадагы Кырдаалды мектепте коштоо даражасы.** Социалдык педагогдун бирден-бир мектептеги кызматы – бул баланын окуу процессине тоскоолдук болгон көйгөйлөрдү таап чыгуу, аларды жоюу болуп эсептелинет. Социалдык педагог кырдаалды изилдеп, мектептеги адистердин жардамы менен баланы Кырдаалдан чыгарууга аракеттенет. Мектеп өзү гана эмес, ата-эне жана жергиликтүү коомчулук менен бирге чечүүсү зарыл. Эгерде “А” даражадагы иш аракеттер күтүлүүчү натыйжаларга алып келбесе, анда “Б” даражадагы кадамдарга өтүү керек.

***1- схема.*** **“А” даражадагы Кырдаалды социалдык педагогикалык коштоо процесси**



## “А” даражадагы социалдык-педагогикалык коштоону уюштуруу:

Кырдаалды “А” даражадагы деп аныктагандан кийин социалдык педагог 10-күндүн ичинде “тез жардам” сыяктуу социалдык-педагогикалык коштоону балага же анын үй-бүлөсүнө уюштуруу зарыл.

### 1. Бала жөнүндө мааламатты изилдөө кадамдагы иш-аракеттер:

А) ЖКБСден окуучу жөнүндө маалыматты топтоо:

1. Сабакка кандай катышат? (Канча жолу калтырды, кечикти?)
2. Сабактарда жетишкендиктери кандай?
3. Үй-бүлөсү жөнүндө маалымат?

*ЖКБС жок болсо, кл.журналын, окуучунун социалдык паспортун, пландык үй шарттарын изилдөө актысын талдоо керек*

Б) Сүйлөшүүнүн темасы ар бир кырдаалга карата болот. Социалдык педагог баарлаша турган адамдар: окуучу, ата-эне, класс жетекчи. Кырдаалдын себептерин, өбөлгөсүн жана учурдагы абалын билүү үчүн сүйлөшүнүн негизги багыттары:

1. Окуучунун өзү менен (сабактарга үзгүлтүксүз катышууга болгон тоскоолдуктар жөнүндө баарлашуу, маанайына байкоо жүргүзү).
2. Класс жетекчиси (окуучу, анын үй-бүлөсү жөнүндө мүнөздөмө, буга чейин көйгөйдү чечүүгө кандай чаралар колдонулду).
3. Ата-энеси же анын ордундагы адам (бала менен ата-энесинин ортосундагы болгон мамилени билүү, ата-эненин кырдаалга карата көз карашын аныктоо, анын милдеттерин тактоо, окуучунун үйдөгү милдеттерин билүү).

***Эскертүү!** Ар бирөөсү менен сүйлөшүдө кырдаал жөнүндө маалыматты толук, ачык айкын билдирүүсү көйгөйдү тез арада жана натыйжалуу жолдору менен чечүүгө жардам болорун белгилеңиз!*

“Көйгөйдү чечүүгө каражаттарды, адистерди аныктоо” таблицасына Кырдаал жөнүндө топтолгон маалыматты 3-чү тиркемедеги таблицасынын экинчи графасына киргизиле.

**Көйгөйдү чечүүгө керектүү социалдык кызматтарды, адистерди аныктоо.**
6-чы тиркемени колдонуп керектүү кызматтарды жана жардамды бере турчу уюмдарды белгилеп 3-чү тиркемедеги таблицанын үчүнчү графасына киргизиле. Ар бир кызматтын жана жардамдын аткаруучу адисинин аты-жөнүн же болбосо уюмдун дарегин жана телефонун жазып койгула.

### 2. Социалдык-педагогикалык коштоону пландаштыруу

План “Көйгөйдү чечүүгө каражаттарды, адистерди аныктоо” таблицанын негизинде түзүлөт (3-тиркеме).

***Мисалы: окуучу үйүнөн чыгат, бирок мектепке келбей көчөөдө жүрөт***

| № | Иш-аракет | Аткаруучу | Аткаруу мөөнөтүү | Мониторинг |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Баланын кырдаал боюнча оюн билүүгө сүйлөшүү | Психолог же социалдык педагог | 1 күн | |
| 2 | Сабактарынан | 2-3 предмет боюнча | 1 күн | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жетишкендиктерин талдоо | мугалимдер менен сүйлөшүү, класстык журналды кароо | | |
| 3 | Үй-бүлөсүнүн социалык абалын изилдөө | Социалдык педагог | 1 күн | |
| 4 | Досторун билүү, алардын кызыгууларын аныктоо | Социалдык педагог класс жетекчи же классташтары менен сүйлөшүү | 1-2 күн | |
| 5 | Ата-энесине кабарлоо, алардын оюн билүү | Социалдык педагог | 1-2 күн | |

***Эскертүү!*** Эң негизгиси, окуучуга жеңил көтөрүү баскыч бул мектеп ичинен көйгөйдү чечүү. Көпчүлүк кырдаалдарды социалдык педагог мектеп ичиндеги жана жергиликтүү бийликтер аркылуу чечүүгө аракеттениши керек.

**3. СПК планын ишке ашыруу, мониторинг жургузуу** – бул "+", "-" өзгөрүлөрдү аныктоо кадамы. Мониторингдин максаты пландаштырган иш-аракеттердин аткарылышын жана анын окуучунун сабакка үзгүлтүксүз катышуусуна, биринчи кадамда белгиленген көйгөйдү жоюусуна болгон пайдасын аныктоо. Ар бир иш-аракеттин көрсөткүчтөрүн аныктап тизмелеп коюу керек.

***Мисалы!***
Социалдык педагогикалык коштоонун натыйжалуу жыйнтыктарынын көрсөткүчтөрү:

- окуучу мектепке үзгүлтүксүз катышат
- башка окуучулар менен мамилеси жакшы
- үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилеси жакшы
- ден-соолугу жакшы
- психологиялык маанайы жакшы
- окууда кыйынчылыктарды өзү чечет
- сабактын жетишкендиктер бар
- кийими аба-ырайына карата дал келет
- эс тутуму жаш өзгөчөлүгүнө дал келет
- тамеки чекпей калды

### 4. Баалоо (СПКдан чыгаруу / "Б" даражадагы СПКнын кадамдарын аткаруу), чечим чыгаруу

Мониторингдин жыйынтыктарынын негизинде кырдаалды баалоо зарыл. Эгерде окуучу мектепке үзгүлтүксүз келүүгө тосколдуктар жоюлса социалык педагогдун коштоосунан алынат.

Бирок класс жетекчиси дайыма окуучунун сабакка катышуусуна, жетишкендиктрине байкоо жүргүзүп, ата-энеси менен мезгил мезгили менен баарлашып, мектептен тышкаркы иш-чараларга тартуу аракеттенүүсү зарыл. Өзгөчө зордук-зомбулукка кабылган, укуктук тартипти бузган, психо-активдүү заттарга кызыккан окуучуларды.

**Мектеп ичиндеги экинчи кадам, бул учетко алуу** – буга көп жолу кайталанган окуучунун кылык-жоруктары, ИДНдин же башка уюмдун адистеринин жардамына муктаж болгондо жана социалдык-педагогикалык коштоо узак мөөнөткө созулса.

Социалдык педагог комиссияны топтоп (кырдаалдын мүнөзүнө жараша) биринчи СПКнын жыйынтыгы менен тааныштырат. Комиссиянын өкүлдөрү чогуу Кырдаалды талдайт жана кийинки зарыл болгон кадамдарды пландаштырат. Аны ишке ашырууга адистерди жана мөөнөтүн тактайт.

*Мектеп ичиндеги комиссияга төмөнкү документтерди даярдайт:*

1. "Көйгөйдү чечүүгө каражаттарды, адистерди аныктоо" (ичинде мониторингдин натыйжалары менен) таблицасы.
2. Окуучунун мүнөздөмөсү.
3. Социалдык-педагогикалык коштоонун планы.
4. Күтүлүүчү натыйжалар жана аныкталган көрсөткүчтөр боюнча Кырдаалды талдоо жыйынтыктары.

**"Б" – даражасы: "Үй-бүлөгө жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмүнө" (ОПСД) Кырдаалды дайындоо.**

***"Б"- даражанын*** *кадамдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22 июнундагы №391 токтому менен бекитилген "Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө жободо" каралган.*

Социалдык педагог мектеп администрациясы менен бирге Кырдаалды "Б"- даражадыгы (турмуштук оор кырдаал) деп аныктагандан кийин мектеп директорунун атынан Райондук социалдык өнүгүү башкармалыгына ***өтүнүч кат*** (үлгүсүн 6 - *тиркемеден* караңыз) жазып жөнөтүлөт.

"Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табууда аталган органдар, уюмдар жана адамдар балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө **эки күндүк мөөнөттө** маалымат берүүгө милдеттүү"[4].

ОПСДнин адисине социалдык педагог төмөнкү документтерди даярдап берет: өтүнүч кат, окуучунун мүнөздөмөсү, окуучунун социалдык паспорту.

Ар бир Райондук социалдык өнүгүү башкармалыгында "Үй-бүлөнү жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмү" ***(7 –тиркеме)*** турмуштук оор кырдаалга кабылган баланы жана анын үй-бүлөсүн эсепке алып, аны ТОКтон чыгаруу боюнча иш алып барат. Мындан ары социалдык-педагогикалык коштоо ОПСДнин адиси менен макулдашылат, социалдык педагог уюм аралык топтун мүчөсү катары болот.

*"Б"-даражадагы кырдаал менен иштөөдө төмөнкү документтер колдонулат жана толтурулат:*

| *Класс жетекчи төмөнкү документтерди даярдайт:* |
|---|
| 1. Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин белгилеген табель |
| 2. Окуучунун мүнөздөмөсү |
| 3. Окуучунун социалдык паспорту |

[4] Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жалдын 22-июнундагы 2015-жалдын 22-июнундагы №391 токтому менен бекитилген

| |
|---|
| *Социальный педагог толтурут, мектеп директорунун колу менен даярдайт:* |
| 1. Өтүнүч кат |
| *Үй-бүлө жана баланы колдоо бөлүмүнүн адиси уюмдар аралык тобу менен толтурулган төмөнкү документтерди даярдайт (формалары №391 Жободо берилген):* |
| **2.** Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөнүн проблемаларын ар тараптан баалоо анкетасы |
| **3.** Турмуштук оор кырдаалда турган баланын проблемаларын ар тараптан баалоо анкетасы |
| 4. Үй-бүлө менен жеке иштөө планы (ПИРС) |
| 5. Баланы коргоо боюнча жеке иштөө планы (ИПЗР) |

*Турмуштук оор кырдаалга (ТОК) кабылган баланы социалдык педагог “Үй-бүлөнү жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмүнө” багыттайт, бирок баланын абалына үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүп, өзгөрүүлөрдү белгилеп, анын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого аракеттенет.*

**Эскертүү!** “Үй-бүлөнү жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмүнүн”(ОПСДнин) ТОКко карата иш чараларды пландаштырууда негизги шартынын бири баланын оюн эске алуу, жана ПИРС менен ИПЗРди түзүүдө үй-бүлөнүн башчысын катыштыруу!

“Турмуштук оор кырдаалды” райондук социалдык өнүгүү башкармалыгында “Үй-бүлөнү жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмү” коштоо **схемасы:**




***Социалдык педагогикалык коштоонун** жыйынтыгы болуп бала жана үй-бүлөгө учурдагы көйгөйдү чечүүгө жардам берип, мындан аркы жашоосунда өзүнө-өзү жардам берүү көндүмүн өнүктүрүү, турмуштук кыйынчылыктарды жеңүү үчүн баланын жана үй бүлөнүн каражаттарын активдештирүү!*

*1-тиркеме*

## Көйгөйлөрдүн тизмеси, аларды жоюуга жардам берүүчү социалдык агенттери:

***Өздүк көйгөйлөр.*** Көпчүлүк учурда баланын курактын өзгөөрүүлөрүнөн көз каранды. Социалдык педагог класс жетекчи менен биргеликте ата-энеге, мугалимдерге өзгөчө башталгыч класстагы баланын, өспүрүмдөрдүн, жана бүтүрүүчүлөрдүн психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүн терең тааныштыруу керек.

Өздүк көйгөйлөрдү жоюуда ата-эненин балага карата ар бир айтылган сөзү, кыймыл аракети чоң мааниге ээ. Психолог алдын-ала иштери менен жана диагноздоочу ыкмалар менен окууга болгон кызыгуусунун деңгээлин, ата-эне, мугалим, окуучулар менен болгон түшүнбөстүктөрдү, тамеки чегүү, ичимдик ичүү, психо-активдүү заттарды колдонуу терс көрүнүштөрдү аныктоосу өтө маанилүү.

***Үй-бүлөлүк көйгөйлөр*** – окүүчу менен ата-энесинин ортосундагы мамилеси бузулган же ата-энеси (ата-эесинин ордунда калган адам) күн сайын окууга баруугa шартын түзө албай, тамак-аш, кийим, окуу куралдары менен жана мектепке баруу жолдун коопсуздугун камсыздоо милдеттерин аткара албай калган учурлар.

Үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн жаралышына ата-энелер күнөлүү болушу мүмкүн, алар баланын мектепке баруусуна тоскоолдуктарды жаратат. Алар баланын психологиялык, физикалык абалына көңүл буруусу, бала менен баарлашуусу өтө маанилүү. Анткени зордук-зомбулук, өзү-өзүнө кол салуу, психикалык активдүү заттарды колдонуу, үйдөн качып кетүү, девианттык жүрүм-турум көйгөйлөрү негизинен үй-бүлөлүк көйгөлөрдөн түздөн түз көз каранды экенин билдирүү зарыл. Чечүү жолун балага эң ыңгайлуу жана оңой жолун тандоо керек. Социалдык педагог кайрылган бардык социалык агенттер (адистер, институттар) үч күндүн ичинде Кырдаал менен кандай иш-чаралар аткарылап жатканы жөнүндө жооп кайтарып берүүсү зарыл. Бул топтогу көйгөйлөргө көпчүлүк учурда ата-энелер жоопту. Социалдык педагог көйгөйдүн "булагына" эмес, оордугуна жараша иш чараларды көрүү керек.

***Мектептке байланыштуу көйгөйлөр*** – классташтары, мугалимдер менен мамиле түзүүдө, окуу процессинде жаралган көйгөйлөр. Мектепте жыгымсыз академиялык жана физикалык чөйрө бала мектепке барбай калганына чоң өбөлгө. Баланын орто билим алуу укугун мектеп жана орто билим берген, кошумча билим берген уюмдар ишке ашырууда. Мектептеги көйгөйлөрдү биринчи ирэт мектептин өзүнүн күчү менен чечүүгө аракеттенип көрүү зарыл. Чоң ролду жергиликтүү бийлик ойнойт, себеби мектептеги көйгөйдүн көпчүлүгүн коомчулуктун катышуусу менен жоюуга муктаж. Мисалы, балдарды мектепке жеткирүүнү жергиликтүү жамааттын жардамы менен уюштуруу.

***Көңүл бургула!*** Кийинки таблицада боёлгон уячада каралган көйгөйлөр Турмуштук оор кырдаал деп аныкталган (*Киришүүдө окугула*).

# Көйгөйлөр жана алардын социалдык агенттери

## ӨЗДҮК КӨЙГӨЙЛӨР

| көйгөй | социалдык агент |
|---|---|
| •- билим алууга баланын кызыгуусу жок | - мектеп психологу |
| | - класс жетекчи |
| | - ата-эне |
| •- окуучунун ата-энеси менен мамилеси начар | - ата-эне |
| | - мектеп психологу |
| •-көп ооруйт | - ата-эне |
| | - ЦСМ / ФАП |
| •- документтери жок | - ата-эне |
| | - квартальный / домком |
| | - ОПСД |
| •- тамеки жегуу, ичимдик ичуу, ПАВ | - мектеп психологу |
| | - ЦСМ |
| | - ата-эне |
| | - ОПСД |
| •- көзөмөлсүз калган бала | - мектеп психологу |
| | - ОПСД |
| | - ИДН |
| •- майыптыгы бар (физикалык/психикалык) | - ЦСМ |
| | - ОПСД |
| | - ата-эне |
| | - МТУ / АӨ |
| •- зордук зомбулук | - мектеп психологу |
| | - медициналык ишкер |
| | - ОПСД |
| •- мыйзам менен чатагы бар | - ИДН |
| | - ата-эне |
| | - ОПСД |

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КӨЙГӨЙЛӨР

| көйгөй | социалдык агент |
|---|---|
| •- үй иштери менен алектенет | - класс жетекчи |
| | - ата-эне |
| | - ОПСД |
| 7 | Окуучуларды, ата-энелерди, мугалимдерди консультациялоо, окутуу, насаатчылык | Зарылдыгына жараша | - ТОКко кирүү тобокелин азайтуу; |

2. **Окуу иштери боюнча завуч** (функционалдуу милдеттер мектептин ички буйругу менен кабыл алынат)

| *№* | *Иш-милдети* | *Натыйжада окуучу жана анын үй-бүлөсүнө пайдасы* |
|---|---|---|
| ***1.*** | Педагогикалык жамаатынын ишмердүүлүгүнүн азыркы жана келечек пландаштырууну уюштурат. | Мектепке тартылбай калган жана турмуштук оор кырдаалдагы балдар үчүн иш чараларды планга киргизет; |
| ***2.*** | Билим берүү процессинин сапатын системалуу жана окуучулардын билиминин натыйжаларын объективдүү баалоосун, ийримдердин, факультативдердин иштегенин көзөмөлдөйт. | - кызыктуу сабактар;<br>- окуучулардын натыйжалары объективдүү бааланат;<br>- факультативдерди, ийримдерди катышууга мүмкүнчүлүк жаралат; |
| ***3.*** | Тарбия завуч менен бирге ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрү) агартуу иштерин уюштурат, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрү) билим берүү жана тарбия процесси боюнча маселелерин карап берет. | - окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрү жөнүндө билишет;<br>- билим берүү жана тарбия процессинде ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрү) катышууга мүмкүнчүлүгү болот; |
| ***4.*** | Окуучулардын окуу процессинин көлөмүн көзөмөлдөйт. | - инсанга багытталган окууну уюштуруу; |
| ***5.*** | Сабактардын жана башка билим берүү ишмердүүлүктүн ырааттамасын түзөт, убактылуу жок болгон мугалимдердин ордуна иштөөнү уюштурат, өтүлбөй калган жана ордуна башка мугалим өткөн сабактарды эсепке алуу журналын жүргүзөт. | - окуу процессин уюштуруу;<br>- мектепте сабактан тышкаркы иштерди уюштуруу; |
| ***6.*** | Мугалимдерди тандоодо жана коюуда катышат. | - предмет боюнча мугалимдердин толук сабак өткөрүүсү; |
| ***7.*** | Окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет, мектептин мугалимдер кеңешинин ишинде катышат. | - окуу процессинин шарттары жакшырат; |
| ***8.*** | Окуу кабинеттер азыркы жабдуулар, көргөзмө | Азыркы техникалык окуу |

| | | |
|---|---|---|
| | кыралдар, техникалык окуу куралдар менен камсыз кылуу боюнча чара көрөт. | куралдар колдонгон сабактарга кызыгуусу жогорулайт; |
| ***9.*** | Техникалык жана көргөзмө окуу куралдардын, приборлордун, жабдуулардын окуу процессинде колдонуусунун коопсуздугун көзөмөлдөйт. | - окуу чөйрөнүн коопсуздугу;<br>- техникалык окуу куралдарды колдонуунун коопсуздугу камсыздалат; |
| ***10.*** | Мезгил-мезгили менен медициналык изилдөөлөргө зарыл болгон учурда, себебин белгилөө менен медициналык уюмдан алынган маалыматтын негизинде окуучулардын тизмесин түзөт. | - тигил же бул ооруну көрсөткүчтөрү боюнча эрте аныктоо; |
| ***11.*** | Тарбия завуч менен бирге жол эрежесин, сууда жана көчөөдө, өрт коопсуздугун окутуп үйрөтүүгө ыкманы аныктап, окутушат, окуучулардын билим деңгээлин текшерет. | - жол эрежелерин билүү;<br>- өзгөчө кырдаалдарда жүрүм-түрүм жөндөмдүүлүгү калыптанат; |
| ***12.*** | Мектеп мебелине, окуу куралдарды, химиялык реактивдерди сактоого профком менен бирге административдик-коомдук көзөмөлдү уюштурат; өз учурунда аларды алып салууга, коркунучтуу шарттар жаралса окуу процессин токтотот. | - окуу процессин туруктуу болууга коопсузду чөйрөнү камсыз кылуу; |
| ***13.*** | Окуучулар, мектепте иштеген адистер кырсыктаганды аныктайт; | - окуучулар жана мектепте иштеген адистер менен болгон кыргсыктарды жоюу; |
| ***14.*** | Окуучулар менен өткөрүлгөн ар кандай сабактарды катышуу; | - сабактардын сапатын жогорулатуу; |
| ***15.*** | Мектеп Уставында менен Жылдыруу жана тартиптик чаралар боюнча эрежелеринде каралган жүрүм-турумун бузган окуучуларды тартиптик жоопко тартуу; | - мектеп Уставында (жаргылык) каралган эрежелерин сактоо;<br>- активдүүлүк үчүн жылдыруу же мектеп Уставында каралган эрежелерди бузуу үчүн жазаа тартуу; |

**3. Тарбия иштери боюнча завуч** (функционалдуу милдеттер мектептин ички буйругу менен кабыл алынат)

| № | *Иш-милдети* | *Натыйжада окуучу жана анын үй-бүлөсүнө пайдасы* |
|---|---|---|
| 1. | Окуучулардын жана алардын жүрүм-туруму боюнча мектептен, класстан тышкаркы тарбия иштерди азыркы жана келечек пландаштыруусун уюштуруу. | - мектептен тышкаркы иш чараларга катышышат;<br>- окуучулар жамаатынын руху жаратылат; |
| 2. | Системалуу мектептен тышкаркы иш чаралардын, ийримдердин иштегенин, тарбия процессинин сапатын көзөмөлдөйт, алардын формасын жана мазмунун талдайт, талдоонун жыйынтыгын мугалимдерге билдирип турат. | - кошумча билим алуу мүмкүнчүлүктөрдү жаратышат; |
| 3. | Инновациялык программаларды жана | - класстан тышкаркы иш |

| | | |
|---|---|---|
| | техгологияларды өздөштүрүүгө, иштеп чыгууга жардам көргөзөт | чараларга катышышат; |
| 4. | Окуу иштери боюнча директордун орун басары менен бирге ийримдердин, башка тарбиялык жана маданият-эс-алуу ишмердүүлүктүн ырааттуулугун түзөт; убактылуу жок болгон класс жетекчилердин, башка ага баш ийген адистердин ордуна иштөөнү уюштурат. | - ийримдерге катышышат;<br>- уюштурулган эс-алуу болот;<br>- сабактын ырааттуулугу менен өтөт; |
| 5. | Ден соолукту чыңдоо, маданият-билим берүү иш чараларды уюштурууда жардам көргөзөт. | - мектеп чөйрөсүнө адаптацияланат;<br>- мектеп жамаатына интеграцияланат; |
| 6. | Окуучулардын Мектеп уставын жана эрежелерин сактоосун көзөмөлдөйт | - баардык окуучулар Мектеп уставы менен таанышышат жана сакташат; |
| 7. | Педагогикалык кадрларды тандоодо, аларды коюуда катышат, алардын квалификациясын жана кесиптик чеберчилигин жогорлатууну уюштурат. | - сабактардын сапаты жогорулайт; |
| 8. | Тарбиялык процессти жакшыртууга сунуштарды киргизет, педагогикалык кеңештин ишине катышат. | - сүйлөшүү жана жамаатта өз ара аракеттенүү көндүмдөргө ээ болушат; |
| 9. | Окуучулардын коопсуздугун сактоо боюнча мугалимдер милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөйт, тарбия иштерин уюштурат, окуучулардын, эмгекти коргоо эрежелерине жана нормаларына ылайык, өз ыктыяры менен коомдук иштерге тартылганын уюштурат. | - эмгек ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрү пайда болот;<br>- коопсузду чөйрөдө окуйт жана тарбияланат; |
| 10. | Коопсузду ишмердүүлүктү уюштуруу боюнча маселелерге административдик-коомчулук көзөмөлдөөнү өткөрүүдө, окуучулардын, ишкерлердин кырсыктарга учураганын талдоодо катышат. | - талдоодо ачык-айкындуулук жана адилеттүүлүк; |
| 11. | Класс жетекчилерге, ийримдердин, спорттун бөлүмдөрүнүн башчыларына окуучулардын эмгегин коргоо маселелерин, жаракат алуу жана башка кырсыктар боюнча алдын ала иштери боюнча методикалык жардам көргөзөт. | - окуучулардын мектепте жана мектептен тышкаркы ишмердүүлүктө коопсуз чөйрө уюштурулат; |
| 12. | Окуучулар менен окуу жайдан тышкары тарбия иш чараларды өткөрүүдө санитардык-гигиеналык нормалар сакталганын, талаптар аткарылгандыгын, эмгек коргоо жана өрт коопсуздугу эрежелери аткарылгандыгын көзөмөлдөйт. | - коопсуздук сезими пайда болушу,<br>- өмүрүн жана ден соолугун коопсуздугу; |
| 13. | Окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен жаракат алуу, жол кырсыктар боюнча, көчөдөө, сууда ж.у.с. жерлердеги кырсыктарды алдын алуу иш чараларын уюштурат, ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрү) окуучулар менен тарбиялык иштерин өткөрүүдө катышуусун уюштурат, системалуу | - мектептен тышкаркы иш чараларда окуучу менен ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөрү) өз ара байланышат;<br>- ата-эне менен окуучунун ортосунда жагымдуу мамиле түзүлөт; |

| | | |
|---|---|---|
| | жана комплекстүү тарбиялоону уюштуруга жардам берет. | |
| 14. | Балдарга кошумча билим берүү уюмдары менен карым-катнаш түзүп жана колдоп, жана алар менен мектептен тышкаркы тарбиялоо ишмердүүлүктү чогуу уюштурат. | - окуучуларда жеке жөндөмдүүлүктөр өнүгүүгө жардам болот; |

**4. Мектеп парламенти / Өзүн-өзү башкаруу**

*Жыл бою төмөнкү ишмердүүлүктү аткарышат:*

| № | ***Ишмердүүлүктөр*** |
|---|---|
| 1 | Мектеп ичиндеги окуучулардын баардык уюштурулушунун ишмердүүлүгүн координациялоо |
| 2 | Окуучулардын укутарын жана милдеттерин ишке ашырууну камсыз кылуучу кепилдиктерди аткарып жаткандыгын көзөмөлдөө. |
| 3 | Зарылдыгына жараша кезексиз чогулуш өткөрүү |
| 4 | Ишмердүүлүктү жакшыртуу максатында жазуу же ооз эки түрүндө өзүн-өзү башкаруу органдарына жана мектеп администрациясына ар кандай сунуштарды билдирет |

**5. Камкордук кеңеши** (Кыргыз Республикасынын «Камкоордук совети жөнүндө мыйзамдын негизинде, Бишкек ш, 30 май 2014 жыл № 81)

*Жыл бою төмөнкү ишмердүүлүктү аткарышат:*

| № | Кайсы кызматты же жардамды көргөзөт? | Балага кандай пайдасы бар? |
|---|---|---|
| 1 | Социалдык коргоо, маданияттын, билим берүү жана у.с. башка тармактардагы нормативдик-укуктук актыларын жакшыртууга сунуштарды киргизүү. | Балага тиешелүү нормативдик-укуктук актылары жакшырат. |
| 4 | Ачылган тартипти бузуулар боюнча керектүү иш чараларды көрүү үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жеткирүү. | Балдардын укугун коргоо, өз учурунда балдарды туура багыттайт. |
| 5 | Кеңешти ишмердүүлүгүн баалоо үчүн мектеп жамаатынын ой пикирин изилдөө. | Баланын оюн эске алуу менен иш чараларга оңго түзөтүү киргизет. |

**6. Квартальный /үй комитети** (Бишкек шаарындагы квартальный жана үй комитеттер жөнүндөгү ЖОБОнун негизинде (17 май 2011 жылында № 232)

| № | ***Кайсы кызматтарды аткарат?*** |
|---|---|
| 1 | Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, соттордо, башка мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдарда коомдун кызыкчылыгын билдирүү жана коргоо, аймагында жашаган жарандардын мыйзамдуу таламдарын, укуктарын коргоо үчүн;<br>*представлять и защищать общественные интересы, собственные права, законные интересы граждан, проживающих на данной территории, в органах государственной власти и местного самоуправления, судах и других* |

| | |
|---|---|
| | *государственных и негосударственных организациях;* |
| 2 | Өз карамагындагы аймагын көрктөндүрүү, оңдоо, санитардык тазалоо боюнча иштерди уюштурат;<br>*организовывать работу по благоустройству, ремонту, санитарной очистке на закрепленной территории;* |
| 3 | Коомдук тартипти камсыз кылууда укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүү;<br>*содействовать правоохранительным органам в поддержании общественного порядка;* |
| 4 | Тиешелүү органдарга бөлүнгөн аймагында санитардык иш-чараларды, эпидемиялогиялык, өрт көзөмөлүн жана коопсуздук иштерди ашыруу боюнча көмөк көрсөтүү;<br>*содействовать соответствующим органам на закрепленной территории в осуществлении мер санитарного, эпидемиологического, экологического и пожарного контроля и безопасности;* |

**7. Муниципалдык жергиликтүү башкармалыгы (МЖБ)** (Бишкек шаарынын кеңешинин мээриясынын муниципалдык жергиликтүү башкармалыгы жөнүндө типтүү жобонун негизинде 1-чи тиркемеси 2011 жылдын 17 май № 232)

| № | *Кайсы кызматтарды аткарат?* |
|---|---|
| 1 | Билим берүү мекемелерине бардык балдарды жана өспүрүмдөрдү кабыл алуу үчүн мектеп жана мектепке чейинки курактагы балдарды учетко алууга көмөктөшөт;<br>*содействует организациям образования в учете детей дошкольного и школьного возраста для обеспечения охвата обучением всех детей и подростков;* |
| 2 | Өз карамагындагы территорияда маалыматтык базаны түзөт жана жаңыртып турат<br>*создает и обновляет информационные базы данных на закрепленной территории* |
| 3 | Калкка кызмат көрсөтүү боюнча менчиктин ар кандай түрлөрү менен, коммуналдык кызматтар жана уюмдар менен квартальный ларды, үй-комитеттеринин өз ара аракеттенүүсүн уюштуруга көмөктөшөт;<br>*обеспечивает взаимодействие квартальных и домовых комитетов с коммунальными службами и организациями различной формы собственности по оказанию услуг населению* |
| 4 | Бишкек шаарынын мээриясынын түзүмдүк бөлүктөрүнө жана райондук администрацияга керектөө рыногун жана кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн жана коомдук транспорттун маршруттук тармагына, анын кыймылынын убакыт тартибине жана башка суроолор боюнча сунуш кылат;<br>*вносит в районную администрацию и структурные подразделения мэрии г.Бишкек предложения по развитию сети потребительского рынка и услуг, маршрутной сети городского транспорта, расписаниям его движения и другим вопросам на подведомственной территории;* |
| 5 | Ал өз карамалыгындагы аймакта коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча укук коргоо органдарына көм көрсөтөт;<br>*содействует правоохранительным органам в поддержании общественного порядка на подведомственной территории;* |
| 6 | Мамлекет тарабынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, ар |

| | |
|---|---|
| | кандай фонддор менен юридикалык жана жеке адамдар бөлгөн каражаттардын эсебинен максаттуу коомдук жактан коргоону камсыз кылуу боюнча иш-чараларды уюштурууда катышат;<br>*участвует в организации работы по оказанию адресной социальной защите малоимущих слоев населения за счет средств, выделяемых государством, местным самоуправлением, различными фондами, юридическими и физическими лицами;* |
| 7 | Шаардын аткаруу бийлик органдары менен биргеликте алардын жашаган жери боюнча балдар, өспүрүмдөр, жаштар жана алардын үй-бүлөлөрү менен ишмердүүлүктү уюштурат; балдар, өспүрүмдөр жана жаштар менен социалдык-педагогикалык жана эс алуу иш чараларды жүргүзгөн маданият үйлөрдүн жана борборлордун ишин көзөмөлдөйт;<br>*организует совместно с органами исполнительной власти города работу с детьми, подростками, молодежью и семьей по месту их жительства и осуществляет контроль за деятельностью клубов и центров, ведущих социально-педагогическую и досуговую работу с детьми, подростками и молодежью по месту жительства;* |
| 8 | Аймактын тургундарынын арасынан жергиликтүү өнүгүү жана өзүн камсыздоо боюнча коомдук комиссиялар түзүлүшү мүмкүн: баладар жана өспүрүмдөр мене ниш алып баруу боюнча турак-жай жана коомдук маселелер боюнча.<br>*при МТУ из числа жителей закрепленной территории могут создаваться общественные комиссии по вопросам жизнеобеспечения населения и развития территории: благоустройству, работе с детьми и подростками, жилищно-коммунальным и социальным вопросам.* |

**8. Үй-бүлөгө жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмүнө \ Отдел подержки семьи и детей (ОПСД)** (Үй-бүлөгө жана жаш өспүрүмдөргө көмөк көрсөтүү бөлүмү боюнча Типтүү жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 2004 жылдын 17 март № 180)

| *№* | *Кайсы кызматты же жардамды көргөзөт?* | *Аткаруучу мөөнөтү* | *Балага кандай пайдасы бар?* |
|---|---|---|---|
| 1 | Райондогу балдардын жана үй-бүлөлөрдүн абалын изилдөө, талдоо жана баалоо;<br>Социалдык паспортторунун, маалымат базасынын негизинде алардын социалдык кызматтарга муктаж болгонун аныктоо; | 10 иш күндүн ичинде | Учурунда муктаждыктарды аныктайт жана камсыз кылат |
| 2 | Турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөрдү талдоо, аларга өзүн өзү камсыз кылууга багытталган керектүү колдонуу көрсөтүү, балдардын өмүрүн сактап калууну жана өнүктүрүүнү даректүү камсыздоо; | Ар дайым | Аз камсыз үй-бүлөдөгү бала даректүү жардам ала-алат, өзүн-өзү камсыздоого багыталат |
| 3 | ТОК. ПИРС, ИПЗР мене ниш алып барууну координациялоо | Мөөнөтү документтерде аныкталат | Бала жана үй-бүлө ТОКто экенин аныктап, ар тараптуу кызматтарды жана жардамдарды алат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | Балдарды жана үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча маселелерди ишке ашыруу максатында жергиликтүү коомчулуктуу активдештирүү (кеңештерди, социалдык маселелер боюнча комиссияларды. Коомдук уюмдарды, мектеп жамаатын, жеке ишкерлерди) | Ар дайым | Өз учурунда жардам жана кызмат алат; Кызматташуу жөндөмдүүлүгү көнүгөт |
| 5 | Социалдык тейлөө маселелери боюнча жарандарды кабыл алуу. Балдарга жана үй-бүлөлөргө пландык жана тез жардам көрсөтүү | Ар дайым | Керектүү жардамды учуру менен алат |

**9. Балдар боюнча комиссия (ББК) / Комиссия по делам детей (КДД)**

(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 токтому менен бекитилген «Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү ЖОБОнун» негизинде толтурулган)

| *№* | *Кайсы кызматты же жардамды көргөзөт?* | *Аткаруучу мөөнөтү* | *Балага кандай пайдасы бар?* |
|---|---|---|---|
| 1 | ТОКко учураган баланын укугун жана кызыкчылыгын коргойт | ТОКтон чыгарганга чейин | Укугу басылбайт |
| 2 | Жарандардын баланы багып алуу мүмкүнчүлүгүн карайт | Керек болгон учурда | Жетим бала үй-бүлөдө өсүп чоңойуга мүмкүнчүлүк |
| 3 | Камкордукка алынган баланын мүлкүн сатууга, кепилдикке коюга, бөлүп алууга, өз бөлүгүн алууга ж.б. камкордукка алынган баланын мүлкү азайганга багытталган учурларды кароо | Керек болгон учурда | Камкордукка алынган баланын укугу корголот |

**10. Өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспектор** (ИИМ №850 «17» 09.2018ж. Буйрукка 1-тиркеме менен бекитилген ИИМ КР Өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспекциянын ишин уюштуруу нускамасы)

| *№* | *Кандай кызмат жана жардам көргөзөт?* |
|---|---|
| 1 | Өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуу боюнча ӨИБИнин **алдын ала иштерин** уюштуруу |
| 2 | Балдарга терс таасирин тийгизген укук бузган өспүрүмдөрдү жана ата-энелерди **таап чыгуу**, **аныктоо** боюнча иштерди уюштуруу |
| 3 | Балдарга терс таасирин тийгизген укук бузган өспүрүмдөрдү жана ата-энелерди **эсепке алуу (учет)** боюнча иштерди уюштуруу |
| 4 | Балдарга терс таасирин тийгизген укук бузган өспүрүмдөрдөр жана ата-энелер менен **өз алдынча алдын ала** иштерди уюштуруу |
| 6 | Ички иштер бөлүмүнө **жеткирилген өспүрүмдөр** менен ишти уюштуруу |
| 7 | Билим берүүчү жана интернат уюмдарда ӨИБИнин ишмердүүлүгүн уюштуруу |

**11. «Балалык институту» коомдук фонду / ОФ «Институт детства»**

| № | *Кайсы кызматты же жардамды көргөзөт?* | *Аткаруучу мөөнөтү* | *Балага кандай пайдасы бар?* |
|---|---|---|---|
| 1 | балдардын жана алардын үй-бүлөсүн мониторинг өткөрүүгө изилдөөлөрдү өткөрүү | Керек болгон учурда | Балага берилген жардам же кызмат сапатын талап кылат |
| 2 | Защита прав детей | Керек болгон учурда | Укугу бузулбайт |
| 3 | Проведение тренингов, семинаров и конференций по проблемам детей и семей | Мезгил мезгили менен | Коомдо укук коргоо маданияты калыптанат |
| 4 | Предоставление консультационных услуг в сфере защиты детства | Керек болгон учурда | Укуктук сабаттуулук жогорулайт |

*9-тиркеме*

**Социалдык педагог өзүнүн ишмердүүлүгүндө кайрыла турган (таяна турган) -нормативдик-укуктук актылардын тизмеси**

| *№* | *Название документа* | *Дата принятия* |
|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын<br>БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ | Бишкек шаары<br>2012-жылдын 10-июлу №100 |
| | Жалпы билим берүү уюму жөнүндө<br>ТИПТҮҮ ЖОБО | КР Өкмөтүнүн<br>2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген |
| 1. | Квалификационные требования к социальному педагогу | Утверждена решением коллегии МОН КР от 2 марта 2012 года № 2/8 |
| 2. | Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү ЖОБО | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн<br>2017-жылдын 24-июлундагы № 449 токтому менен бекитилген |
| 3. | Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн<br>2015-жылдын 22-июнундагы № 391 токтому менен бекитилген |
| 4. | Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык аймактык башкармалыктары жөнүндө<br>ЖОБО | Бишкек шаардык кеңештин 2011-жылдын 17-майындагы № 232 токтомуна 1-тиркеме |
| 5. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы № 303 “Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө” токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу | КР ӨКМӨТҮ ТОКТОМ<br>2015-жылдын 9-февралы № 45 |
| 6. | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ ТОКТОМ<br>Жарым-жартылай стационардык уюмдарда жана социалдык тейлөө мекемелеринде ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, анын ичинде балдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө | г. Бишкек,<br>2014-жылдын 8-июлу № 381 |
| 7. | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндө | 2009-жылдын 26-майы N 170 |

| | | |
|---|---|---|
| 8. | Кыргыз Республикасынын Инновациялык жалпы билим берүү мектеп жөнүндө Типтүү ЖОБО | 1-тиркеме ББМ Буйругу менен бекитилген № 631/1 2014 жылдын 18 августу |
| 9. | КР МЫЙЗАМЫ Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө | 2014-жылдын 17-июлу № 139 |
| 10. | Бишкек шаарындагы кварталдык жана үй комитеттери жөнүндө ЖОБО | Бишкек шаардык кеңештин 2011-жылдын 17-майындагы № 232 токтомуна 2-тиркеме |
| 11. | Мектеп курагындагы жана мектепке баруучу курактагы балдарды каттоого алуунун тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу | КР ӨКМӨТҮ ТОКТОМ 2017-жылдын 19-июну № 388 |
| 12. | Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө | КР МЫЙЗАМЫ 2014-жылдын 30-майы № 81 |
| 13. | Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө | КР МЫЙЗАМЫ 2001-жылдын 19-декабры № 111 |
| 16. | «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамы | 2003 жалынын 30 апрелинде №92 |
| 17. | КР Эмгек жана социалык өнүгүү министирлигинин алдында «Балдар үчүн ишеним телефон» мамлекеттик мекеме жөнүндө | КР ӨКМӨТҮ ТОКТОМ *2015 жылдын 24 июнунда № 406* |
| 18. | КР ички иштер органдардын өспүрүм балдардын иштери боюнча инспекциянын ишин уюштуруу ИНСТРУКЦИЯСЫ | КР ИИМ Буйругуна 1-тиркеме №850 «17» 09.2018ж. |

*10-тиркеме*

## Терминологиялык минимум

*I. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодексиндеги 5-беренесинде берилген терминдердин аныктамалары:*

***жашы жетпеген бала*** — 18 жаш куракка чыга элек бала;

***турмуштук оор кырдаалда турган балдар*** — ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, мыйзам менен чатагы бар, зомбулуктун жана кылмыштын курмандыгы болуп саналган балдар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдө жашаган балдар, иштеген балдар, көзөмөлсүз балдар, кароосуз балдар, түзүлгөн жагдайлардын натыйжасында турмуш-тиричилиги объективдүү бузулган, чыр-чатактар жана өзгөчө кырдаалдар чөлкөмдөрүндөгү балдар, ошондой эле көрсөтүлгөн жагдайларды өз алдынча же үй-бүлөнүн жардамы менен жеңип өтө албаган балдар;

***турмуштук оор кырдаал*** — жарандын турмуш-тиричилигин объективдүү бузуучу (майыптык, улгайган жаш курагына же ооруусуна байланыштуу өзүнө өзү тейлөөгө жарамсыздык, жетимдик, көзөмөлсүздүк, аз камсыз болгондук, жумушсуздук, белгилүү бир жашаган жердин жоктугу, чыр-чатактар жана үй-бүлөдөгү катаал мамиле, жалгыздык ж.б.) кырдаал, ошондой эле бул кырдаалды өз алдынча жеңүүгө жөндөмсүздүгү менен байланышкан анын адеп-ахлактык-психологиялык абалы;

***көзөмөлсүз бала*** — мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан аны багуу, тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарылбаганынын же болбосо талаптагыдай аткарылбаганынын же аткаруудан качууларынын кесепетинен анын жүрүм-турумуна көзөмөл болбой калган бала;

***кароосуз бала*** — туруктуу жашаган жана (же) турган жери жок, көзөмөлсүз бала;

ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар — оорулар, функциялык дене-бойлук жана (же) психикалык кемчилдиктердин натыйжасында жашап-иштөөнүн чектелүүсүнө алып келүүчү жана аларды социалдык коргоонун зарылдыгын пайда кылуучу мертинүүлөрдүн же мандемдердин кесепеттери менен шартталган ден соолугунун функционалдык бузулуулары бар балдар;

***ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар*** — алардын өлүмүнө байланыштуу, жалгыз же ата-энесинин экөөнүн тең ата-энелик камкордугунан ажыраган, ошондой эле эгерде ата-энелери белгисиз (жетим балдар), аларды ата-энелик укуктарынан ажыратылганына же алардын ата-энелик укуктары чектелгенине, ата-энелерин дайынсыз жоголду, жөндөмсүз (чектелүү жөндөмдүү) деп таанылганына, алардын дарылоо мекемелеринде жүргөнүнө, алар эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөп жатканына, алардын камакта кармоо жайларында отурганына, ата-энелеринин балдарын тарбиялоо, алардын укуктарын жана таламдарын коргоодо ата-энелеринин дарылоо мекемелеринен, калкты социалдык коргоо мекемелеринен жана башка ага окшогон мекемелерден алуудан баш тартуусуна байланыштуу, жана мыйзамда белгиленген тартипте баланы ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган деп таанылган башка учурлардагы 18 жашка чейинки курактагы адамдар;

***жетим балдар*** — ата-энелеринин экөө тең өлгөн же бирөө гана бар же болбосо ата-энелери белгисиз, 18 жаш куракка чейинки адамдар;

***үй-бүлөнү жана баланы коштоо*** — турмуштук оор кырдаалда турган баланы коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген балдарды коргоо боюнча мамлекеттик орган жана анын аймактык бөлүмдөрү (мындан ары — балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган) тарабынан бардык социалдык иштерди жана чараларды координациялоону жүзөгө ашыруу;

***турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоо*** — турмуштук оор кырдаалда турган балдарды орноштурууга, социалдык колдоого, социалдык көнүктүрүүгө жана реабилитациялоого багытталган социалдык-экономикалык, социалдык-медициналык, социалдык-психологиялык, социалдык-укуктук жана башка мүнөздөгү кызматтарды көрсөтүү боюнча иш-чаралардын комплекси;

***мыйзам менен чатагы бар балдар*** — кылмыштарды жасоого шектүү, айыпталуучу, кылмыш жасаганы үчүн соттолуучу, соттолгон болуп саналган балдар, ошондой эле административдик укук бузуулар жөнүндө иш боюнча аларга карата өндүрүш жүргүзүлүп жаткан, мыйзамда белгиленген тартипте административдик укук бузууга күнөөлүү деп таанылган балдар;

***сот адилеттигинен алагды кылуу боюнча программа*** — бул кайталап укук бузууну болтурбоо максатында баланы реабилитациялоого жана социалдык реинтеграциялоого көмөктөшүүгө багытталган, жашы жетпегендерге карата соттук жол-жоболорду козгоону алдын алуу боюнча программа;

***балдар үчүн юстиция*** — бул мыйзам менен чатагы бар, ошондой эле алардын жыныстык бойго жеткенин, акыл-эстик, дене-бой жана психикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, тартип бузууларды, сот адилеттигин ишке ашырууну, социалдык реабилитациялоону жана интеграциялоону алдыга алуу маселелерин өзүнө камтыган жазык иштери боюнча жабыр тарткан жана күбө болгон балдарга карата иш-чаралардын тутуму;

***ювеналдык юстиция*** — бул мыйзам менен чатагы бар, ошондой эле жыныстык бойго жеткенин, акыл-эстик, дене-бой жана психикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тартип бузууларды, сот адилеттигин ишке ашырууну, социалдык реабилитациялоону жана интеграциялоону алдын алуу маселелерин өзүнө камтыган жазык иштери боюнча балдарга карата иш-чаралардын тутуму;

***балдар эмгегинин эң начар формалары — балдар эмгегинин төмөнкүлөрдү камтыган формалары:***

- кулчулуктун бардык формалары же кулчулукка окшош тажрыйба, мисалы, балдарды сатуу жана аларды соодалоо, карыздык зомбулук жана кулдук көз карандуулук, ошондой эле мажбурлаган же милдеттүү эмгек, анын ичинде балдарды куралдуу жаңжалдарда пайдалануу үчүн мажбурлап же милдеттүү азгыруу;
- сойкулук менен алектенүү, порнографиялык продукцияларды өндүрүү же порнографиялык көрсөтүүлөр үчүн баланы пайдалануу, азгыруу же сунуш кылуу;
- укукка каршы келген иш менен алектенүү үчүн, атап айтканда тиешелүү эл аралык келишимдерде аныкталгандай баңги заттарды өндүрүү жана сатуу үчүн баланы пайдалануу, азгыруу же сунуш кылуу;
- анын аткарылып жаткан мүнөзү же шарттары боюнча баланын ден соолугуна, коопсуздугуна же адебине зыян келтириши мүмкүн болгон иштер;
- балага ырайымсыз мамиле жасоо (зомбулук) — бул балага карата анын дене-бойлук же психикалык өнүгүшүн бузуучу же коркунуч келтирүүчү бардык аракеттер;

***үй-бүлө*** — никеден, туугандыктан, асырап алуудан же баланы тарбиялоого кабыл алуунун башка формасынан келип чыккан жана үй-бүлөлүк мамилелерди өнүктүрүүгө жана чыңдоого көмөктөшүүгө чакырылган, мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктар жана милдеттер менен байланышкан адамдардын тобу;

***мыйзамдуу өкүлдөр*** — ата-энелери, асырап алгандар, көзөмөлчүлөр, камкорчулар, алар жокто — балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкери;

***баланын эң мыкты таламдары*** — бул:

- аларды мыйзамда бекемдөө менен баланын укуктарынын жана таламдарынын биринчи кезектүүлүгүн таануу;
- балдарды расасынын, өңү-түсүнүн, жынысынын, тилинин, дининин, саясий же башка ынанымдарынын, улуттук, этностук же социалдык тегинин белгилери боюнча, мүлктүк абалынын, ден соолугунун абалынын же кандайдыр бир гана башка белгилери боюнча басмырлоонун жол берилбестиги;
- аны коргоону жана кам көрүүнү биринчи кезекте камсыз кылуу;
- коомдун тең укуктуу мүчөсү катары баланын укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоо жана камсыз кылуу;
- балага тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алууда аны милдеттүү түрдө эске алуу менен, баланын өз оюн билдирүү укугун камсыз кылуу;
- баланы зомбулуктун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу;
- баланы толук баалуу тарбиялоону, анын укугун жана таламдарын коргоону, аны коомдо толук кандуу жашоого даярдоону камсыз кылуу максатында үй-бүлөнү мамлекеттик колдоо;
- балдардын укуктарына жана өзгөчө муктаждыктарына ата-энелердин, алардын өкүлдөрүнүн жана коомдун кабардарлыгын жана сезимталдыгын жогорулатуу;
- баланы коргоо боюнча кызматтарды борбордон оолактатуу, балдардын укуктарын жана таламдарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин ортосунда өнөктөштүктү камсыз кылуу;
- мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын, ошондой эле жарандардын баланын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын бузганы, ага зыян келтиргени үчүн жоопкерчилиги;
- аны коргоо боюнча чараларды көрсөтүүдө баланын этностук, диний жана маданий тегин эске алуу менен балага камкорчулуктун, тарбиялоонун жана билим берүүнүн туруктуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;
- мамлекет, коом, үй-бүлө тарабынан баланын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана сактоо;

- баланын талаптагыдай өсүшүн камсыз кылуудагы ата-энелердин жана аларды алмаштыруучу жактардын милдеттери.

## *II. Протоколдо колдонулган терминдер, аныктамалар ченемдик-укуктук актыларда берилген:*

***баланын муктаждыктарын көңүлгө албоо*** - ата-энелери же аларды алмаштыруучу адамдар тарабынан баланын тамак-ашка, кийим-кечеге, турак жайга, тарбиялоого, билим алууга, медициналык жардамга негизги муктаждыктарынын жана керектөөсүнүн тиешелүү түрдө камсыз болбогондугу;

***девианттык жүрүш-туруш*** - коомдо кабыл алынган укуктук жана (же) адеп-ахлактык ченемдерге карама-каршы келген, анын ичинде коомдук коркунучтуу жүрүш-туруш;

***жалгыз бой эне*** - багуусунда жана тарбиялоосунда балдары бар, туулгандыгы тууралу күбөлүгүндө атасы жөнүндө жазуу болбогон же атасы жөнүндө жазуу энесинин көрсөтмөсү боюнча жазылган эне (никеде турбаган);

***көп балалуу эне*** - беш жана андан ашык баланы төрөгөн жана тарбиялаган эне;

***көзөмөлчүлүк кеңеши*** (мындан ары - Кеңеш) - юридикалык статуска ээ эмес, ушул Мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү, жарандарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик же муниципалдык мекемелерди тең башкаруучу орган;

***кызмат каты*** – бул ички иш кагаздардын бир түрүү, күнүмдүк кырдаалдарды бат жана натыйжалуу чечүүгө жардам берүүчү иш кагазы;

***мамлекеттик же муниципалдык мекеме*** - мамлекеттик орган же өз алдынча башкаруу органдары тарабынан башкаруучулук, социалдык-маданий же башка коммерциялык эмес мүнөздөгү функцияларды аткаруу үчүн түзүлгөн жана алар тарабынан толук же жарым-жартылай каржыланган уюм;

***өтүнүч кат*** – бул кат аркылуу жогоруда турган же башка бир уюмдан жооптуу кызматкерине багытталган расмий өтүнүч. Өтүнүч кат жарандардын кайрылуусунун бир формасы катары да каралышы мүмкүн;

***өзүнө-өзү жардам берүүгө түрткү берүү*** - турмуштук оор кырдаалына кабылган баланын (анын ата-энесинин) андан чыгуу үчүн өз алдынча жол табууга болгон умтулуусун жаратуу боюнча социалдык педагогдун иш аракеттери;

***психологиялык-педагогикалык кызматтар*** - психологиялык жактан жардам көрсөтүү, ошондой эле тарбия берүү жагынан жардам көрсөтүү, окутуу, жүрүш-турушун оңдоо, методикалык адабият менен жабдуу, маектерди жана педагогикалык мүнөздөгү башка иш-чараларды жүргүзүү;

***реабилитация*** – мурдагы укуктарды бекитүү, анын баштапкы абалын кайра калыбына келтирүү. (Орус тилине кирген, чет элдик сөздөрдүн сөздүгү, Павленко Ф.,1907.)

***регламент*** - (франц. reglement – regle – эреже), мамлекеттик мекеменин, уюмдун, органдарынын иш тартибин аныктаган эрежелердин жыйындысы (Энциклопедиялык сөздүк);

***социалдык кооптуу абалда турган бала*** - ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) балдарын тарбиялоо, аларды окутуу жана/же багуу боюнча өз милдеттерин аткарбаган жана/же алардын жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизген же болбосо аларга ырайымсыз мамиле кылган жана коомго жат турмушта жашаган үй-бүлөдөгү бала;

***социалдык паспорт*** – социалдык түзүлүштүн (индивиддин, уюмдун жамааттын, аймактын ж.у.с.) абалын чагылдырган документ, ошол абалды аныктоочу өндүрүштүк жана техникалык, экономикалык мүнөздөмөлөрү;

***социалдык реабилитациялоо*** - адамдын дартка чалдыгуусунун, социалдык статусунун өзгөрүшүнүн, девианттык жүрүш-турушунун натыйжасында өзүн-өзү тейлөөгө, кесиптик иштин ар кандай түрлөрүн иштөөгө карата болгон бузулган же жоголгон жөндөмдүүлүктөрүн калыбына келтирүүгө (же компенсациялоого), ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга толук кандуу турмуш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген жана алардын укуктарын жана болгон мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууну камсыз кылууга багытталган иш-чаралардын комплекси;

***стандарт (***от англ. standart – норма, үлгү, ченөө) – объектти стандартизациялоого, норманын, талаптын, эрежелердин комплексин орнотуу боюнча документ;

***тобокел тобундагы балдар*** - балдар үйлөрүн бүтүрүүчүлөрү; эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошотулган, турак жайынан айрылган адамдар; жумуш издеп каражат табууга башка региондордон келген мигранттар;

***үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандар үчүн баш калкалоочу жай*** – үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандар үчүн, мыйзам ченеминдеги коопсуздуу убактылуу жашаганга башпаанек менен камсыз кылуучу уюм, эркектер жана аялдар үчүн бөлөк башпаанек уюштурулат.

*Коштоо каты!*

***Урматтуу окурман! Протоколду бирден бир сайтка чыгаруунун маселеси бул: Протоколдун түзүлүшү жана мазмуну менен таанышуу, аны жакшыртуу үчүн Сиздерден кайтарым байланыш алуу.***

***Сунушталган социалдык педагогдун иш аракетинин Протоколу “Жеткиликтүү мектеп”(ЮНИСЕФ) долбоорун ишке ашыруу кадамдарынын бири болуп саналат.***

***Долбоордун пилоттук мектептери катары Бишкек шаарынын айланасында жайгашкан конуштарындагы 20 мектеп катышкан. Бул мектептердин социалдык педагогдорунун потенциалын күчөтүү максатында жыл боюу социалдык-педагогикалык тренингдер өткөрүлдү. Мектепке тартылбай калган, көп калтырган балдардын көйгөйлөрүн, Кырдаалдардын өзгөчөлүктөрүн жана алардын социалдык-педагогикалык коштоо процессин талдоого боюнча бир нече жумушчу жолугушуулар болду.***

***Эксперттердин интервьюсунан, максаттуу мектептердин социалдык педагогдорунун ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү аркылуу жана Бишкек шаарынын социалдык педагогдурунун методикалык кеңешинин жумушчу жолугушууларынан алынган маалыматтын негизинде бул Протокол иштелип чыккан.***

***Сиздер Протоколго карата ойлоруңарды жана сунуштарынарды 1.12.2020 чейин «Протоколго сунуштар» деген белги менен төмөнкү эл. дарегине жиберүүңүздөрдү суранабыз:*** future.country2016@gmail.com

***Сиздердин комментарийлериңизди жана сунуштарыңызды күтөбүз!***